ек колубузда!"

Бермет МАТКЕРИМОВА, "Кыргыз Туусу"

# өнөр – арыбас



Инженердик жана Табигый илимдер факультеттеринин имараты



## Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин биринчи проректору, профессор Асылбек КУЛМЫРЗАЕВ:

# "Биздин бүтүрүүчүлөр 20дан ашык мамлекетте ийгиликтүү иштеп жатышат"

*– Асылбек Атамырзаевич, быйылкы жылы Европанын илимий өндүрүштүк палатасы дүйнөдөгү жогорку окуу жайлардын сапатын изилдегенде Кыргыз-Түрк "Манас" университетин дүйнөдөгү 200 эң мыкты жогорку окуу жайдын катарына киргизди. Мындай кадыр-баркка жеткирген артыкчылыгыңыздар эмнеде?*

– Дүйнөдөгү жогорку окуу жайлардын рейтингин түзгөн бул Европалык уюм негизинен окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн сапаты жана ошол бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылган мекемелеринин жетекчилеринин пикирине карата ушундай жыйынтык чыгарат. Ушул рейтингде биздин бүтүрүүчүлөрдүн билиминин деңгээли жана кесипкөйлүгү боюнча татыктуу орунга жетиштик. Мунун негизги себеби окутуунун сапатынан, атап айтканда университеттен алган теориялык билимди мекемелерде практика учурунда айкалыштырууда көрүнөт. Мисалы, 300дөн ашык студент окуу жайдын колдоосу менен жылда Түркияда алдыңкы мекемелерде иштеп жакшы тажрыйба алышат. Ушундай шартта өткөрүлгөн практика бүтүрүүчүлөрдүн жумуш таап кетишине жакшы жардам болот.

*–Жылдан-жылга университетке тапшыргандардын саны артып жатканы айтылууда. Сиздин оюңузча буга эмне себеп?*

– Туура айтасыз, биздин окуу жайдан окууну каалагандардын саны артып жатат. Мунун эң биринчи себеби, сапаттуу Батыш моделинде билим алуу өбөлгө болуп, окутуу программаларыбыздын учурдун талабына жооп бергендиги жаш адистерге билим алган кесибинде жумуш таап кетүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүп берүүдө. Буга кошумча биздин бүтүрүүчүлөр эң кеминде 3 тилде эркин сүйлөшөт. Мындан сырткары университетте окутуу акысыз. Окуучулар өзүнүн күчү менен гана окууга өтүп окушат. Аны менен бирге окутуучуларыбызга да талап катуу. Бул коррупциянын болбошуна жакшы өбөлгө түзөт.

*– Окуу жай бул аралыкта 14-жыл бүтүрүүчүлөрдү уядан учуруп чыгарды. Ушул мезгилде канча жаштар билим алып чыгышты жана алардын кийинки тагдырынан кабарыңыздар барбы?*

– Бүгүнкү күндө 3 минден ашык бүтүрүүчүлөрдү уядан учурдук. Университеттин кызматын баалаган эң негизги көрсөткүч – окууну бүтүрүп кеткендердин кийинки турмушуна сөзсүз түрдө көз салып туруу. Андыктан бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясы жылына эки жолу жолугушууларды өткөрүп турат. Чет өлкөдө иштеп жатышкан бүтүрүүчүлөрүбүз менен байланышыбыз бекем. 20дан ашык чет өлкөдө ийгиликтүү иштеп жатышкан бүтүрүүчүлөрүбүз бар.

*– Кыргыз-Түрк "Манас" университети өткөн жылы «Kyrgyz tourism awards-2014» долбоорунун эң мыкты билим, эң мыкты идея үчүн сыйлыгына татыды.*

– Анткени, университетте туризм багытында адистерди даярдоо эң маанилүү багыттардан болуп эсептелет. Азыркы учурда Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебибиз бар. Ушул мектебибиз абдан ийгиликтүү болууда. Студенттерибиз жылда Түркиянын эң алдыңкы туристтерди тарткан эс алуучу жайларында практика өтүшөт. Анткени алар ошол жерден квалификациясын жогорулатышып, жаңы технологияны, ыкмаларды үйрөнүшөт. Азыр Кыргызстандын чоң мейманкаларында менеджер болуп иштеп жаткан бүтүрүүчүлөрүбүз дагы бар.

*– Билим берүүдө сапат биринчи орунда турат эмеспи. Алдыда жаштарга сапаттуу билим берүүнү мындан да арттыруу үчүн кандай аракеттерди көрөсүздөр?*

– Азыр университеттин керектүү курулуштарын куруп бүткөнү калдык. Алардын ичинде студенттердин жатаканасынан баштап, окуу, дене тарбия жана спорт, саламаттыкты сактоо кызматтарын көрсөтүүгө бардык шарттар каралган. Мындан ары сапатыбызды дагы жогорулатыш үчүн алдыга койгон максаттарыбыз бийик. Учурда Кыргызстандан эл аралык тажрыйбага ээ, чет жак менен байланыш түзө алган, чет тилде сүйлөй билген жаш адистерди жетиштүү таба албай жатабыз. Буга аракетибиз күч. Бизге университеттин жогорку органы болгон Камкорчулар кеңеши чет өлкөдө доцент, профессор болуп ийгиликтүү иштеп жүргөн Кыргызстандын жарандарын тартууну тапшырды. Эгерде алардан Кыргызстанга келип, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинен иштей турган болушса, айлык маянасын чечип, илим-изилдөө иштерин жүргүзүшүнө жакшы шарттарды түзүү каралууда.

*– Быйыл Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ачылганына жыйырма жыл болуп отурат. Ушул аралыкта окуу жайдын Түрк дүйнөсүнө кошкон салымын айтып берсеңиз?*

– Советтер Союзу тарагандан кийин түрк тилдүү мамлекеттердин ичинде эски байланыштарды чыңдоо, экономикалык-социалдык, маданий өнүгүүбүздү колдоо үчүн Кыргызстанда Кыргыз-Түрк "Манас" университети түзүлдү. Университетте ар кыл улуттун өкүлдөрү келип, окуй баштаганы биринчи жетишкендик болду. Мисалы, Алтай, Хакасия, Тува, Афганистан, Иран, Кытай ж.б. өлкөлөрдөн түрк тилдүү жаштар келип, батыш үлгүсүндө, жаңы системадагы бир окуу жайда билим ала башташты. Бул сөзсүз өзүнүн жемишин берет.



Биздин бүтүрүүчүлөр

*– Университеттин 20 жылдыгын качан белгилейсиздер?*

– Келерки жылдын жаз айларында белгилөөнү болжоп жатабыз. Себеби, окуу жайыбыздын 20 жылда жетишкен ийгиликтери абдан зор. Мисалы, дүйнөлүк стандарттагы студенттик шаарчабыз курулуп бүтүүдө. Ал жердеги жаңы имараттардын расмий ачылыштарын да жасайбыз. Бир эле окутуу эмес, анын ичинде маданий иш-чараларыбыз көп. Мунун ичинде Түрк дүйнөсүнө таандык болгон инсандардын, жазуучулардын чыгармаларын жарыялап жатабыз. Андан тышкары эл аралык долбоорлор бар. Аларды салтанаттуу түрдө атайын жыйында Кыргызстанга жана жалпы дүйнөгө билдиребиз.

## Университет алган сыйлыктар











